DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



***ЖУРНАЛИСТИКА***

***ЖУРНАЛИСТИКА***

***JOURNALISM***

*Костюк Ш.А.*

# ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНЫН ЭТНОМАДАНИЯТТЫ ЖАЙЫЛТУУДАГЫ РОЛУ ЖАНА ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮДӨ ЧАГЫЛДЫРУУ

*Костюк Ш.А.*

# РОЛЬ ВСЕМИРНЫХ ИГР КОЧЕВНИКОВ В ПОПУЛЯРИЗАЦИИ ЭТНОКУЛЬТУРЫ И ОСВЕЩЕНИЕ НА ТЕЛЕВИДЕНИИ

*Sh. Kostyuk*

# THE ROLE OF THE WORLD NOMAD GAMES IN THE POPULARIZATION OF ETHNIC CULTURE AND TELEVISION COVERAGE

*УДК: 070:654 (575.2) (04)*

*Макалада ааламдашуу контекстинде этноспорттук жана этномаданий кыймылын өнүктүрүүдө жана жайылтууда Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ролу жана телекөрсөтүүдө чагылдыруу маселелери каралган. Автор ошол эле учурда ааламдашууга каршы улуттук маданияттын баалуулуктарын жана салттарын карманууга, өздөрүнүн кайталангыс өзгөчөлүгүнө, айырмачылыгына басым жасоого умтулуу жаралып жаткандыгын белгилейт. 2012-жылы Кыргыз Республикасынын Президенти ааламдашуу доорунда дүйнө элдеринин маданиятын, өзгөчөлүгүн, жашоо салттарын сактоого жана кайрадан жаралуусуна түрткү болгон Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү боюнча идеясын сунуштаган. Бул демилге Казак Республикасынын, Азербайжан Республикасынын, Түркиянын башчыларынын колдоосуна ээ болгон. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын жаркын иш чараларын чагылдыруу үчүн ММКнын 650дөн ашык өкүлдөрү, ошондой эле ондогон белгилүү блогерлер келишкен. Алардын ичинен 90 чет элдик ММК дүйнөнүн 35 өлкөсүнөн келишкен. Оюндардын ачылышын МИР 24, TRT, Казспорт, Түркменистандын, Азербайжандын ж.б. өлкөлөрдүн телеканалдары түз алып көрсөтүшкөн. Ошондой эле жергиликтүү КТРК, КТРК Спорт, КТРК Маданият, ЭлТР, 5-канал, Пирамида, НТС, областтык телеканалдар Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын эң кызыктуу жана элестүү окуяларын чагылдырып турушту. Кыргызстан дүйнөлүк коомчулукка Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары аркылуу ааламдашуу доорунда өзүнүн элинин маданиятын жана каада-салтын, кайталангыс өзгөчөлүгүн сактай алгандыгын көрсөтө алды.*

***Негизги сөздөр:*** *ааламдашуу, көчмөндөр оюну, салттар, этнос, телеканалдар, түз алып көрсөтүү, спорт, маданий программа.*

*В данной статье рассматриваются вопросы освещения на телевидении и роль Всемирных игр кочевников в развитии и пропаганде этноспортивного и этнокультурного движения в контексте глобализации. Автор в статье отмечает, что в противовес глобализации возрождается приверженность национальным культурным ценностям и традициям, стремление к подчеркиванию своей уникальности, различий. В 2012 году Президентом Кыргызской Республики была предложена идея проведения «Всемирных Игр Кочевников», миссией который является возрождение и сохранение культуры, самобытности и укладов жизни народов мира в эпоху глобализации. Данная инициатива была поддержана главами Республики Казахстан, Республики Азербайджан, Турецкой Республики. Освещать красочные мероприятия Всемирных игр кочевников прибыли более 650 представителей всех СМИ, а также десятки известных блогеров. Из них более 300 медиа представляли 90 иностранных СМИ из 35 стран мира. Открытие в прямом эфире транслировали такие телеканалы, как МИР 24, TRT, Казспорт, телеканалы Туркменистана, Азербайджана и другие. Местные каналы как КТРК, КТРК Спорт, КТРК Маданият, ЭлТР, 5 канал, Пирамида, НТС, а также все областные телеканалы также освещали самые интересные и зрелищные события Всемирных игр кочевников. Всемирные игры кочевников показали всему мировому сообществу как Кыргызстан в эпоху глобализации смог сохранить свою культуру и традиции, уникальность и самобытность своего народа.*

***Ключевые слова:*** *глобализация, игры кочевников, традиции, этнос, телеканалы, прямая трансляция, спорт, культурная программа.*

*This article examines the issues of television coverage and the role of the World Nomad Games in the development and promotion of the ethno-sports and ethno-cultural movement in the context of globalization. The author notes in the article that, in contrast to globalization, the commitment to national cultural values and traditions is reviving, the desire to emphasize its uniqueness and differrences. In 2012, the President of the Kyrgyz Republic proposed the idea of holding the "World Nomad Games", whose mission is to revive and preserve the culture, identity and way of life of the peoples of the world in the era of globalization. This initiative was supported by the heads of the Republic of Kazakhstan, the Republic of Azerbaijan, and the Republic of Turkey. More than 650 representatives of all media, as well as dozens of well-known bloggers, came to cover the colorful events of the World Nomad Games. Of these, more than 300 media represented 90 foreign media from 35 countries of the world. The opening was broadcast live by such TV channels as MIR24, TRT, Kazsport, TV channels of Turkmenistan, Azerbaijan, etc. Local channels like KTRK, KTRK Sport, KTRK Madaniyat, ElTR, Channel 5, Pyramid, NTS, as well as all regional TV channels also covered the most interesting and spectacular events of the World Nomad Games. The World Nomad Games showed the entire world community how Kyrgyzstan was able to preserve its culture and traditions, uniqueness and identity of its people in the era of*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*globalization.*

***Key words:** globalization, nomad games, traditions, ethnos, TV channels, live broadcast, sports, cultural program.*

Ааламдашуу коомдук процесстердин субъектиси катары этностордун социалдык-экономикалык жашоо-турмушунун бардык аспекттерине таасир берүүдө. Интеграция, миграция, Интернеттин кеңири жайылышы маалымат мейкиндигинин ааламдашуусуна жана адамдардын жашоо образынын бирдей стандарттарын жайылтуу менен маданий-улуттук өзгөчөлүктөрдүн маанисин төмөндөтүүгө алып келди. Е.П. Савруцкая ( О. Тоффлер) сыяктуу чет элдик изилдөөчүлөр ааламдашуунун, миграциялык процесстердин жана интеграциялануунун таасири астында этностук маданияттын мурдагы «коммуникативдик системасынын туюктугу» бузулуп, этностордун турмуштук дүйнөсүнүн виртуалдашуусу өсүп, «дүйнөнүн тилдик сүрөтү» өзгөрүп жаткандыгын белгилешкен [1, 109-б.]. Ошентип ааламдашуу процесстери чек араларды жана убакытты четке кагып, биздин түпкүлүктүү негиздер анча мааниге ээ болбой, ошону менен бирге ар бир маданияттын өзгөчөлүгү бааланбай бирдейликке чакырык таштаган шарттарда маданий ишмердүүлүктүн либералдашуу тенденциясы байкалат [2, 11-б.].

Натыйжада этностук маданият улам барган сайын коммерцияланып жаткан маданияттын ааламдашуу мейкиндигинде четке сүрүлүүдө. Ал эми ЮНЕСКОнун 1978-жылы кабыл алынган жалпы декларациясында белгиленгендей этностук маданиятты сактоо адамзаттын өмүр сүрүүсүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат [3]. Декларациядагы маданий өз алдынчалуулукту сактоо идеясы – бул бөтөн баалуулуктардын, жашоо образынын жана ыргагынын жигердүү экспансиясынан баш тартуунун далили жана бардык өлкөлөрдү диалогго чакыруу.

Адистердин пикири боюнча бирдиктүү маалыматтык-коммуникативдик мейкиндикти түзүү шартында маданияттардын көп түрдүүлүгүн сактоо, салттуу этностук жана азыркы маданият дүйнөсүнүн ортосундагы тең салмактуулукту колдоо *мүмкүнчүлүктөрү* тийиштүү маданий саясатты иштеп чыгуунун негизинде түзүлүшү мүмкүн. Окумуштуулар элдин руханий маданияттын өнүгүшү менен каада-салттын жана ырым-жырымдардын тыгыз байланышын белгилешет. Айталы,тарыхтагы салттын ролун кароодо, К.Ясперс «салт бизди адам кылат» деп баса белгилейт. Анын пикири боюнча тарыхый процесс «эгерде биз кантип жетишкенибизди унутсак анда жетишкендерибиз биздин турмуштан кайым болот» [4, 245-б.]. Дүйнө элдеринин тарыхый-маданий мурастарын, мамлекеттин тарыхын урматтоо, кылымдар бою калыптанган улуттук баалуулуктарды жана биримдиктин идеалдарын, этностордун өзгөчөлүктөрүн сактоо, маданияттар аралык диалогду жана толеранттуулукту өнүктүрүү маанилүү болуп саналат.

Адамзат үчүн ушул маанилүү максаттардын өнүтүнөн алып караганда көчмөндөр маданиятын пропагандалоодо Дүйнөлүк көчмөндөр оюнунун мааниси орчундуу деп айтсак болот. Дүйнөлүк көчмөндөр оюну бул спорттун этникалык түрлөрү боюнча эл аралык таймаш болуп саналат. Бул спорттук таймаштын негизин Борбордук Азиядагы көчмөн элдердин байыркы улуттук оюндары түзгөн. Оюндарды өткөрүү боюнча демилгечи Кыргыз Республикасы болгон. 2012-жылы Бишкекте өткөн түрк тилдүү өлкөлөрдүн саммитинде Бишкек Декларациясына Казакстан, Азербайжан, Түркия, Кыргызстан республикаларынын президенттери кол коюшкан. I, II, III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары Кыргызстандын Ысык-Көл областындагы Чолпон-Ата шаарында өткөрүлдү [5].

Алгачкы жолу 2014-жылдын 9-14-сентябрында өткөрүлгөн Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына Азербайжан, Австрия, Монголия, Түштүк Корея, Россия, Казакстан сыяктуу 19 өлкөнүн спортчулары келишкен. Оюндардын спорттук бөлүгүнө 771 адам, маданий программаларга 1200 адам катышкан. Көчмөндөр оюндарын телекөрсөтүү аркылуу трансляциялоо 40 өлкөнүн миллиондогон потенциалдуу аудиториясын камтыган [5].

Ал эми 2016-жылы 60 өлкөдөн келген 1000 спортчу спорттун 23 түрү боюнча таймашса, 2018-жылы 66 өлкөдөн келген 1500дөн ашык спортчу салттуу оюндардын 37 түрү боюнча атаандаштыкта күч сынашкан. Башкортостандан Россиянын командасынын курамында 35 адам катышкан [6]. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүнүн максаты катышып жаткан өлкөлөр менен маданий байланыштарды бекемдөө аркылуу дүйнөдөгү көчмөн элдердин маданиятын кайрадан жаратуу жана сактап калуу, көчмөн дүйнөсүнүн улуттук оюндарын өркүндөтүү жана жайылтуу болуп саналат. Анткени маданияттын жетишкендиктерин сактап калууда жана жаңы муунга өткөрүп берүүдө каада-салттын жана ырым-жырымдардын туруктуулугу чоң мааниге ээ. Окумуштуулар эмпирикалык, байкоо, сыноо жана жаңылоо жолдору аркылуу күнүмдүк мамилелерди уюштуруу акырындык менен нукка коюларын жана бул эмгектенүүдө, тиричилик кылууда иш жүзүндөгү ийгиликке гана алып келбестен, ошондой эле мурунку муундун ой-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



пикирин, сезимин, адаттарын жаштарга мүмкүн болушунча толук өткөрүп берүүнү шарттагандыгын белгилешет [7, 5-б.].

Байыркы оюндар эл арасында кеңири ойнолгондугу 2014-жылдын 9-14-сентябрында болуп өткөн «Көчмөндөр оюнунун курултайынын жүрүшүндө тастыкталды. Эл аралык маанидеги бир нече мамлекеттердин өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөн бул курултайда Улуттук оюндардын кайсы гана түрү болбосун билгичтик менен уюштурулгандыгы байкалды. Манастын кырк чоросу баштаган ар улуттун өкүлдөрү өз элинин улуттук кийимдеринин өзгөчөлүктөрү менен өздөрү көрсөтүүчү оюндун талабына ылайыктуу кийинишип, шаңга бөлөштү. Айталы, «Мүнүшкөр» таптаган кушунун жабдыгы, томогосу, тууру менен, «Салбуурунчулар» кадимки үйрөтүлгөн аңчы тайгандары, «Ат оюндарына» катышуучулар тапталган күлүктөрү, шөкөттөлгөн ат жабдыктары менен чыгышты. Кыз-келиндер, жаш уландардын коштоосу менен ар улуттун байыркы, көөнө каада-салттарына байланыштыруу аркылуу көркөм чыгармачылыктын үлгүлөрүнөн театрлаштырылган шаңдуу, ажайып кереметин элге тартуулашты. Ошентип оюндардын жүрүшүндө «салт жаңы цивилизациялык шарттардын таасири астында социалдык чындыктын өзгөрүү процессине жана коммуникациялык процесстерге карата маданий баалуулуктардын чыгармачылык өнүгүшүнүн зарыл шарты» [8, 56-б.] болуп санала тургандыгы элестүү көрсөтүлдү десек болот.

Кырчын жайлоосундагы көргөзмөлөр, театралдык жана эстрадалык тамашалары, областтардын даярдыгы, фольклордук көрсөтүүлөрү «эң жакшы» деген баага татыктуу болгонун гезиттерден жана теле көрсөтүүлөрүнөн белгиленди. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын иш чараларын чагылдыруу үчүн ММКнын 650дөн ашык өкүлдөрү, ошондой эле ондогон белгилүү блогерлер келишкен. Алардын ичинен 90 чет элдик ММК дүйнөнүн 35 өлкөсүнөн келген. Оюндардын ачылышын МИР24, TRT, Казспорт, Түркменистандын, Азербайжандын ж.б. өлкөлөрдүн телеканалдары түз алып көрсөтүшкөн. Ошондой эле Euronews, NHK, Al Jazeera, China TV, Deutsche Welle, Russia Today каналдары Көчмөндөр оюндарын жаңылыктарында, атайын репортаждарда байма-бай беришти. Reuters, National Geographic, China Daily, Associated press, Sputnik, Синьхуа сыяктуу басылмалар жана маалымат агенттиктери Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары жөнүндө материалдарды байма-бай жарыялап турушту [5].

Ал эми жергиликтүү КТРК, КТРК Спорт, КТРК Маданият, ЭлТР, 5-канал, Пирамида, НТС, областтык телеканалдар Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын эң кызыктуу жана элестүү окуяларын элге тартуулап жатты. Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы (КТРК) – өлкөнүн дээрлик жалпы аймагын өзүнүн телеберүүлөрү менен калктын 99% телесигналы менен камтый алат. Көчмөндөр оюну КТРК «Спорт» каналы аркылуу түз эфирден көрсөтүлүп турду. «Маданият» каналы көрүүчүлөргө ар түрдүү маданий программаларды сунуштады.

Аудитория үчүн өзгөчө көчмөндөрдүн оюндарынын программасына кирген мелдештер кызыгуу жаратты. Айталы, күрөштүн бардык түрлөрү, ошондой эле «мас-реслинг» (таяк тартышуу) боюнча мелдештер спортчулардын активдүү катышуусу менен көпчүлүктүн кызуу колдоосу менен өттү. Айрыкча Чолпон-Атанын ат майданында болуп өткөн «ат чабыш», «жорго салыш», «жирит урууу», «көк бөрү» мелдештери эң массалуу кызыктуу иш чарага айланды. Мелдештердин эң кызыктуусу, албетте, «көк бөрү» боюнча таймашуулар болду. Бул адамдардын бүйүрүн кызытып, эмоциясын чыңалтып, өзүнө тарта турган оюн болуп саналат. Себеби ат үстүндөгү жигиттердин ыкчамдыгы, күчтүүлүгү, аттардын жөндөмдүүлүгү көрүүчүнү суктандырып, азгырып, арбап турат. Өзгөчө Кыргыз Республикасынын улакчылары менен Казакстандын улакчыларынын беттешүүсү күйөрмандардын кумарын арттырып, ырахат тартуулады. «Эр эңиште» ат үстүндө балбандардын күрөшү да айрыкча чет элдиктердин кызыгуусун арттырды.

Экинчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын негизги өзгөчөлүгү бул кыргыздардын, түрктөрдүн, азербайжандардын, якуттардын, татарлардын, казактардын ж.б. көчмөн элдеринин салттуу мелдештери программага кошулгандыгы менен айырмаланды. Экинчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын мелдештеринин жалпы жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын курама командасы биринчи орунду ээлеп, кыргыз элинин улуттук спортунун бир нече түрлөрү эл аралык деңгээлге чыкты. Бул жетишкендик өлкөбүздөгү улуттук спорттун түрлөрү орчундуу кадам жасаганын, жакшы деңгээлде өнүгө баштаганын тастыктайт.

Экинчи дүйнөлүк Көчмөндөр оюндары аркылуу улуттук спорттун түрлөрү гана жайылтылбастан, бүтүндөй дүйнө жүзү кыргыз элинин байыртадан бери келаткан үрп-адатын, каада-салтын, руханий баалуулуктарын, улуттук маданияты менен тааныша алды. «Кырчын» жайлоосундагы маданий программалар дүйнө элдеринин маданияты менен жакындан таанышууга мүмкүндүк түздү. Маданий программадагы «Этнобий» – салтуу улуттук бий ар бир элдин маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. «Этно-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бий» дүйнөнүн ар түрдүү элдеринин башкаларга окшобогон салттуу бийлерин демонстарциялоого багытталган. Бийде ар бир улуттун тарыхы, маданияты, турмушу чагылдырылып көрүүчүлөрдүн кызыгуусун пайда кылды [5].

Ал эми «Этномода» көчмөн элдердин улуттук кийимдерин заманбап табитте даярдалган коллекцияларын Көчмөндөр оюндарына катышкан өлкөлөрдөн келген дизайнерлер сунушташты. «Этномоданын» алкагында көргөзмө да уюштурулду. «Этнохит» иш чарасына фольклордук-этнографиялык ансамблдер, элдик жана эстрадалык ырларды жана интструменттерде аткаруучулар катышты. «Этнохитте» оюндарга катышкан өлкөлөрдүн элдеринин тарыхын, маданиятын, жашоосун чагылдырган чыгармалар тартууланды.

Делегацияларга «Кырчын»жайлоосунда көчмөн доордо колдонгон боз үй, чатыр сыяктуу үйлөрдү тургузууга уруксат берилген. Бул иш чара «Этноүй» деп аталып, катышуучулардын каалоосуна жараша байыркы көчмөндөр колдонгон тарыхый экспонаттар да коюлду. «Этнобазарда» көчмөн элдердин салттуу кол өнөрчүлүгүнүн буюм-тайымдары сунушталды. Жергиликтүү материалдардан жасалган кооз килемдер, зер буюмдар, жасалгалар, ат жабдыктар, куралдар суктандырбай койбойт. «Этнобазарда» тигил же бул улуттук буюмдарды жасоо боюнча мастер-класстар да уюштурулду [5].

«Манас айтуу өнөрү» өзгөчө чет элден келгендердин кызыгуусун арттырды. Албетте, дүйнө элдеринде айтылып жүргөн эпостор, легендалар муундан муунга өтүп сакталып келиши өзгөчө феномен болуп саналат. Бул иш чаранын максаты дүйнө эпосторун сактап калуу жана оозеки айтуу чеберчилигин өркүндөтүү болуп саналат. Бул иш чарада улуттук кийимдерин кийген катышуучулар өздөрүнүн аткаруучулук, импровизатордук жана чечендик өнөрүн көрсөтүүгө тийиш болгон. Кыргыз улуттук оюндарында ар учурда жашаган элдин ой тилеги, үмүтү, кубанычы, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылат. «Кыргыз элинин бир миң жыл чамасындагы ойнолуп келе жаткан улуттук оюндары: «Балбан күрөш», «Эр сайыш», «Жамбы атыш», «Ат чабыш». Бул оюндар Манас баатырдын убагындагы Көкөтай хандын ашында ойнолуп өткөндүгү бардык элге белгилүү. Себеби манасчылар илгертен бери айтып келе жатышат. Манастын уулу Семетейдин убагында улак тартуу да болгон экен» - деп жазган А.Тыныбеков [9, 532-б.].

Кыргыз эли канчалык көчмөн өмүр сүрүп, ар кандай капсалаңдарга кабылышса да, башынан өткөргөн тарыхынын элестерин унутулгус кылып, оюн өнөрүндө да калтырып, келечек - урпактарга белек катары сактап келди.

Кыргыз элдик оюндардын аттары, аткарылышы башка калктардын оюндарына окшош болушу бул – табигый нерсе. Айрыкча коңшулаш Орто Азия жана Казакстан, монгол элдеринде окшош улуттук оюндары аздыр-көптүр кездешет. Баарынан да калкты дене түзүлүш жактан жеткилең тарбиялоодо, кооздукка, сулуулукка умтулууда бирден бир курал бул кыймылдуу оюндар, ыр күүлөр, санат-санжыралар, жаңылмачтар, табышмактар болуп саналат. Кыргыздар да эл болуп жаралгандан өздөрүнө мүнөздүү ар кыл доорлорго, мезгилдерге, ошол кездин социалдык шартына жараша оюндарды жаратышкан. Ар бир оюнду өткөрүүдө ага катышууга оюнчулардын жаш курактарын, даярдыктарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, жынысын, оюнда колдонулуучу аспаптарды, оюн өткөрүлүүчү жайларды эсепке алынган [9, 534-584-бб.].

Элдик оюндар дене тарбиясына гана колдонулуучу демейки гана көнүгүүлөр эмес патриоттуулукка, мекенчилдикке тарбиялоодо, жалпы адамзаттын баалуулуктарына умтулууда, улуттар арасындагы мамилелерди жакшыртууда жана жакындатууда берген таасири баа жеткис.

2018-жылы Кыргызстан Дүйнөлүк көчмөндөр оюнун өткөрүү кезегин Түркияга берди. Эстафетаны өткөрүп берүүнүн символикалык белгиси көөкөргө куюлган мөңгү суусу жана Көчмөндөр оюнунун желеги болду. Ал учурдагы Кыргыз Республикасынын өкмөт башчысы М.Абылгазиев Түркиянын жаштар иштери жана спорт боюнча министри Хамза Йерликаяга өткөрүп берип жатып, дүйнөдө болуп жаткан кыйынчылыктарга жана карама-каршылыктарга карабастан планетанын адамдары биримдике, жаратмандыкка умтулуша тургандыгын Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары ачык көрсөткөндүгүн белгилеген. Ал эми Түркиянын жаштар иштери жана спорт боюнча министри Хамза Йерликая Дүйнөлүк көчмөндөр оюдарындагы мелдештер бул жөн эле спорт иш чаралары гана эмес, бул биздин ата-бабалардын мурасы экендигин баса белгиледи.

Телеканалдар аркылуу алып көрсөтүлгөн Көчмөндөр оюнун жабылуу салтанаты заманбап музыкалык, театралдык, классикалык чыграмалар тартууланган лазердик шоу, фейервектер жана атайын эффектер менен коштолгон программа менен аяктаган. Салтанаттуу иш чараны чет элдик »Akcent», »Dschinghis Khan», »La boush»,»Корни» группаларынын, из Эквадордон келген музыкант Leo Rojas, Франциялык аткаруучулар Мурад Бурауи и Ален Депардие, Өзбекстандан Озода Нурсаидова сыяктуу коноктор көркүн

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ачышты. Ошондой эле Гүлнур Сатылганова, Мирбек Атабеков, Кайрат Примбердиев, Токтобек Асаналиев, «Аура» тобунун, «Камбаркан» фольклордук-этнографиялык ансамблинин аткаруусундагы чыгармалар көрүүчүлөрдүн ыраазы болгон кол чабуулары менен коштолуп турду. Ошентип кыргыздын маданий мурастары, элдик салтуу оюндары, жоокердик оюндары, жаштардын оюндары, балдардын оюндары өзүнчө кызык, тарбиялык таасири күчтүү, денени чыңдоого, акыл эсти өстүрүүгө багыттайт. Бул улуттук баалуулуктарыбыз азыр биз жашап жаткан күндөргө да жетип, айрымдары коомдук, социалдык мазмунга жараша өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын уюштуруунун жана телекөрсөтүүдө чагылдыруунун максаты да жалпы көчмөн элдеринин тарыхын, маданиятын кайрадан жаңылап, жандандырып, сактап калуу, аны менен бирге эл аралык байланыштарды, достукту чыңдоо болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Савруцкая Е.П. Культура межэтнической коммуникации: традиции и современность // Культура и проблемы межэтнической коммуникации. Роль НКО в оптимизации межэтнических отношений: Мат-лы IV Междунар. науч.-практ. конф. по регион. культуре (21–23 мая 2002 г.). - Н.Новгород: НГЛУ им. Н. А. Добролюбова, 2002. - 324 с.
2. Воропай Г.С. Между глобализацией и масскультурой (несколько фрагментов об идентичности). / Философские науки. 2009. № 10. С. 11.
3. ЮНЕСКО. Декларация об основных принципах, касающихся вклада средств массовой информации в укрепление мира и международного взаимопонимания, в развитие прав человека и в борьбу против расизма и апартеида и подстрекательства к войне. Принята Генеральной Конференцией ЮНЕСКО на ее двадцатой сессии 28 ноября 1978 г. https: //www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/st_hr1_141.shtml
4. Ясперс К. Смысл и назначение истории. - М.: Изд. Политическая литература, 1991. - С. 245.
5. Официальный сайт Всемирных игр кочевников http:// http:// www.worldnomadgames.com/ru.
6. Всемирные игры кочевников-2016 в Киргизии. РИА Новости https://ria.ru/20160905/1476064391.html
7. Суханов И.В. Обычаи, традиции и преемственность поколений. М.: Политическая литература, 1976. С. 5.
8. Праздников Г.А. Традиция как диалог культуры. / Советская этнография. 1981. - № 2. - С. 56.
9. Кыргыздар. Санжыра. Тарых. Мурас / Түзгөн Кенеш Жусупов. - Бишкек, Кыргызстан.1991. 621-б.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557